Изденүүчү Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын "Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши" (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында) деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине тарых илимдеринин кандидаты, расмий оппонент Усубалиева Айнура Садановнанын

ПИКИРИ

1. **Теманын актуалдуулугу.** Н.Э. Сапиеванын **"Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши" (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында) деген темадагы** диссертациясы кыргыз этнографиясындагы ар тараптан изилдөөлөрдү талап кылган, абдан актуалдуу жана илимий практикалык мааниси зор проблемалардын катарына кирет. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздардын исламга чейинки архаикалык ишенимдеринин бүгүнкү күндө элдин диний дүйнө таанымы менен айкалышып жашап келатканын этнографиялык өңүттө иликтөөнүн илим үчүн мааниси чоң. Автор тарабынан теманын актуалдуулугу ачып көрсөтүлүп, азыр жашап келе жаткан эски ишенимдер дисциплина аралык байланышта, этнографиялык жана башка ар кандай булактарды колдонуу менен кеңири каралган. Аймактык багыт катары Фергана өрөөнүнүн түштүк тарабы тандалып алынышы өзгөчө мааниге ээ, себеби бул аймакта ислам менен мурунку ишенимдердин синкреттик көрүнүштөрү күчтүү сакталып калган. Анын үстүнө Кыргызстандын түштүгүндөгү исламга чейинки ишенимдер ушул күнгө чейин атайын изилдөөгө алынган эмес.

Ислам дини кыргыз коомунда терең тамыр жайганына карабастан, архаикалык ишенимдердин айрым элементтери сакталып калгандыгы чындык. Диссертант Н.Э. Сапиева бул көрүнүштү калыс белгилеп, азыркы кыргыздар арасындагы исламга чейинки ишенимдердин ордун, сакталып калуу

ОК: Ташбуланова А.Р.

ДС 07.23.674
Вх. №2025/21 от 20.05.25
Уч. секр.

себептерин жана өзгөчөлүктөрүн Фергана өрөөнүндөгү этнографиялык материалдарга жана башка булактарга таянып ар тараптуу илимий талдоого алган.

Автор Фергана өрөөнүнүн түштүк тарабындагы жамааттардын азыркы учурдагы диний-ишенимдик дүйнөтаанымын изилдеп, кыргыздардын байыркы ишенимдеринин элементтеринин сакталып калган формаларын аныктоого жетишкен. Буга чейин атайын изилдөөгө алынбаган маселеге кайрылып, ар тараптуу карап, илимий айлампага жаңы оригиналдуу материалдарды киргизип жаткандыгы колдоого арзыйт.

2. Илимий жыйынтыктар.

1-жыйынтык. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндө жашаган кыргыздар арасында ислам динине ишенүү менен катар, архаикалык ишенимдер – фетишке, Жер-Сууга, отко, Умай энеге, ата-баба арбактарына, тотемдерге жана мазарларга ишенүү дагы да болсо жашап келет. Бул ишенимдер ислам дини менен терең синкреттешип, өзгөчө формада уланганын көрсөтүп, кыргыз коомунда диний жана маданий мурастын өз ара жуурулушкан мүнөзүнө далил болууда.

2-жыйынтык. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздар арасында ислам дини терең тараганына карабастан, фетиштик ишенимдер — дарак, булак, таш, тумар сыяктуу жансыз нерселерге болгон ишеним сакталып келет. Бул буюмдар эл тарабынан коргоочу жана ийгилик алып келүүчү күч катары кабылданып, Куран окуу менен бирге колдонулат. Натыйжада, фетишизм элементтери ислам дини менен синкреттешип, азыркы күндө да кыргыз коомунун руханий турмушунда орун алып келе жатканын ачып берет.

3-жыйынтык. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздарда отко жана Жер-Суу ээлерине болгон ыйык ишеним азыркы күндө да кеңири колдонулат. От тазалоочу жана жамандыктан коргоочу күч катары кабылданып, шам жагуу, ысырык түтөтүү жана Куран түшүрүү менен айкалышат. Жер-Сууга арналган жөрөлгөлөр жаздын башында өткөрүлүп, табийгаттын ар бир бөлүгүнүн ээси бар деген ишеним менен коштолуп, курмандык чалуу, бата

тилөө жана Куран окуу менен аткарылат. Бул көрүнүштөр ислам менен жуурулушуп, синкреттик диний практика катары жашап келгенин белгилейт.

4-жыйынтык. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздарда Умай эне культу бүгүнкү күндө да сакталууда. Аялдар гана катышкан мазар зыяраттары жана чакан кудайылар аркылуу бул ишеним жанданып, Умай эне коргоочу жана көмөкчү рух катары кабыл алынат. Бул жөрөлгөлөрдө Куран сүрөөлөрү окулуп, Алланын ысмы аталат. Натыйжада, Умай эне культу ислам дини менен терең синкреттешип, өзгөчө формасында азыркы кыргыз коомунда жашап келүүдө.

5-жыйынтык. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздар арасында кожо-эшендердин мазарларына зыярат кылуу адаты бүгүнкү күндө да активдүү түрдө улануууда. Бул зыяраттар адамдардын ден соолугуна жана турмуштук көйгөйлөрүнүн чечилишине көмөктөшөт деген ишеним менен коштолуп, Куран окулуп, курмандыктар чалынат. Бул ишеним ислам дини менен жуурулушуп, синкреттик диний көрүнүш катары кыргыз коомунда актуалдуулугун жоготпой жашап келүүдө.

6-жыйынтык. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздар арасында тотемдик ишенимдер сакталып, ыйык деп эсептелген жаныбарлардын дене бөлүктөрүнө ишенүү улантылууда. Бул бөлүктөр көз тийүүдөн, каргыштан сактоо жана эмдөөдө колдонулуп, алардын колдоочу рухтарынын бардыгына ишенилет. Бул көрүнүштөр кыргыздардын диний маданиятындагы архаикалык элементтердин сакталышынын мисалы болуп саналат.

7-жыйыктык. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздарда ата-бабаларга болгон ишеним терең сакталып, алардын рухтарына арналып Куран окулуп, курмандыктар чалынат. Ата-бабалардын рухтарын урматтоо – жашоонун ийгилиги менен байланыштырылат. Бул культ ислам дини менен синкреттешип, бүгүнкү күндө да коомдук турмушта маанилүү ордун сактап келерин баса белгилейт.

8-жыйынтык. Сөөк көмүү мезгилиндеги исламга чейинки салт-санаалар сакталып, ислам дини менен биргеликте эле аткарылып келет. Сөөк көмүүдө

ислам динининн шарттары аткарылып, жоктоп ыйлоо, кошок айтуу, жыртыш берүү, аза күтүү, көк кийүү, ак кийүү, бейшембилик, кыркы, жылдыгы, айттыктарын өткөрүү менен, арбак ыраазы болсун жана тынч жатсын деген ишенимдер азыркы учурда да аткарылып жатат.

9-жыйынтык. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздарда бакшыларга, жин кубар молдолорго жана эмчилерге болгон ишеним азыркы күндө да сакталып, заманбап шарттарга ылайык жаңы өңүттө уланып келет. Бул ишеним Куран аяттары менен коштолуп, ислам дини менен синкреттешип, элдин турмушунда сактоочу, айыктыруучу күч катары маанисин жоготпой келгенин чагылдырат.

Изденүүчү Н.Э. Сапиеванын диссертациясы он жылдан ашуун убакытка созулган үзгүлтүксүз эмгектин жана тынымсыз этнографиялык издөөнүн жыйынтыгында жаралгандыгы сезилип турат. Ал изилдеген аймактагы айыл-кыштактарды кыдырып, эл оозунан алынган кеңири талаа материалдары диссертациянын булактык базасынын өзөгүн түзгөн. Диссертацияга тиркелген фото жана видео материалдар автордун аймактагы ишмердигинин ишенимдүү далили болуп саналат. Бул изилдөө Фергана өрөөнүнүн түштүгүндө жашаган кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерин илимий негизде талдап, алардын бүгүнкү күнгө чейинки жашоо формаларын жана ислам менен болгон синкреттик байланыштарын таасын ачып берген.

Диссертациянын жыйынтыктары кыргыздардын этномаданий дүйнөтаанымын түшүнүүгө гана эмес, алар менен тыгыз байланыштагы коңшу жана тектеш элдер менен болгон этногенетикалык алакаларды жаңы багытта карап чыгууга өбөлгө түзөт. Ушул жагынан алганда, Н.Э. Сапиеванын эмгеги чөлкөмдүк этнография илимине салым кошуучу маанилүү иш болуп саналат. Изденүүчү Н.Э.Сапиева Э. Дюргеймдин теориялык көз караштарына таянып, архаикалык ишенимдердин жамааттык жана социалдык функцияларын өзү топтогон материалдардын негизинде талдоого алган. Мындай мамиле изилдөөгө терең илимий негиз жана теоретикалык маңыз берет.

3. Диссертациядагы жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.

Изилдөөчүнүн илимий жыйынтыктары негиздүү жана ынанымдуу экендигинен күмөн санооого болбойт, себеби теманы изилдөөдө керектүү этнографиялык маалыматтар, тарыхый булактар жана илимий адабияттар орду менен колдонулган. Диссертациянын негизги жоболору, тыянактары топтолгон эмпирикалык материалдарды, илимий эмгектерди, мезгилдүү басма сөздөгү маалыматтарды терең анализдөөнүн негизинде чыгарылган.

4. Ар бир илимий жыйынтыктын жана тыянактардын жаңылык даражасы.

Жалпысынан алганда диссертациялык иште алынган натыйжалар негиздүү, теориялык жана практикалык мааниси бар деп баалоого арзыйт.

1-жыйынтык жаңы, анткени ар кандай архаикалык ишенимдер (фетиш, Жер-Суу, Умай эне, ата-бабалар, мазар, тотемдер) ислам менен терең жуурулушуп, аймактык өзгөчө формада сакталып келгени – кыргыздардын диний турмушундагы синкретизмди региондук деңгээлде жаңыча изилдениши чагылдырылат.

2-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, буга чейин эле фетиштик ишенимдер — дарак, таш, булак, тумар ж.б. буюмдардын ыйыкталышы ислам менен кошо жашап келгени далилденген.

3-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, анткени Жер-Сууга жана отко болгон ишеним менен ислам жөрөлгөлөрүнүн жуурулушуп келгени, элдик тажрыйба менен Куран окуунун айкалышы кеңири практикага негизделген.

4-жыйынтык жаңы, себеби Умай эне культу ислам менен жуурулушкан аялдар арасы менен чектелген практика катары изилденип, жандуу мисалдар аркылуу далилденген. Бул көрүнүш феминин диний практиканын уникалдуу түрү катары илимге кошулган.

5-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, анткени Кожо жана эшен мазарларына зыярат, Куран окуу, курмандык чалуу аркылуу жардам суроо жөрөлгөлөрү — ислам жана элдик ишенимдин өз ара байланышын көрсөтөт.

6-жыйынтык жаңы, белгилей кетсек жаныбарлардын дене бөлүктөрүн ыйык эсептөө, тотемизмдин жашоо-тиричиликке сиңген үлгүлөрүнүн сакталышы боюнча оригиналдуу маалыматтар талданып, жыйынтыкталган.

7-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, себеби ата-бабаларга болгон урмат жана аларга арнап Куран окуу менен курмандык чалуу – элдин ийгилигин рухтарга байланыштыруу аркылуу ислам менен байыркы культтун жуурулушканын түшүндүрөт.

8-жыйынтык салыштырмалуу жаңы, сөөк коюу салтындагы исламга чейинки элементтердин (жыртыш, кошок, аза күтүү ж.б.) бүгүн да ислам менен катар аткарылышы – диний жана маданий улантуучулукка байланыштуу маанилүү далил экендиги изилденген.

9-жыйынтык жаңы, себеби бакшы, жин кубар, эмчи сыяктуу фигураларга болгон ишеним ислам менен айкалышып, заманбап формада уланып жатканын көрсөтүү – динде функционалдык адаптацияны илимий негиздөөгө салым кошоруна дагы изилдөөлөр талап кылынат.

5. Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо

Нурия Эрмекбаевна Сапиеванын "Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында)" аттуу диссертациясынын жыйынтыктары азыркы этнография илими үчүн өзгөчө актуалдуу болуп саналат. Изилдөө учурунда автор илимий айлампага мурда киргизиле элек этнографиялык талаа материалдарын жыйнап, аларды кеңири талдоого алган. Ошону менен катар, тийиштүү илимий булактарга таянып жүргүзүлгөн теориялык байкоолор теманын мазмунун терең ачып берет. Жыйынтыктары, чыгарылган тыянактары жана сунуштары кыргыз этнографиясына жана диний-руханий маданиятты изилдеген багыттарга салым кошо ала турган маанилүү илимий эмгек катары бааланат.

Диссертант тарабынан иликтенген жыйынтыктар ишенимдүү жана ынандыраарлык деңгээлде, ич ара логикалык байланышы бар, практикалык

сунуштары илимий жыйынтыктарга жана жоболорго таянып негизделген. Автор жаңы натыйжаларды жана жоболорду өзү топтогон этнографиялык талаа материалдарын, тарыхый булактарды талдоонун негизинде чыгарган. Диссертациянын негизги мазмунунда ички биримдик, багыттуулук жана хронологиялык ырааттуулук сакталган.

6. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.

Диссертацияда кыргыздардын архаикалык жана исламга чейинки ишенимдери азыркыга чейин элдин күнүмдүк жашоосунда колдонулуп келатканы так көрсөтүлгөн. Бул изилдөө Фергана өрөөнүнүн түштүгүндө жашаган кыргыздардын руханий дүйнөсүн, байыркы ишенимдер менен болгон байланышын тереңирээк түшүнүүгө жардам берет.

Изденүүчү топтогон жаңы материалдар жана чыгарган жыйынтыктар этнография илими үчүн гана эмес, бүгүнкү күндөгү дин саясатын түшүнүү жана туура жүргүзүү жагынан да маанилүү. Диссертациянын табылгалары окуу куралдарын даярдоодо, ошондой эле жогорку окуу жайларында тиешелүү сабактарды окутууда колдонууга ылайыктуу. Ошондой эле массалык маалымат каражаттарында, интернет булактарында кыргыз элинин салттарын таанытып, кеңири жайылтууга көмөк бере алат.

7. Автореферattын диссертациянын мазмунуна туура келиши

Автореферат өзүнүн мазмуну боюнча диссертациялык изилдөөгө толугу менен дал келет. Автореферат кыргыз жана орус тилдеринде жазылып, ал орус, кыргыз жана англис тилиндеги резюмелер менен жабдылган.

8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жетиштүү санда жарык көрүшү

Диссертациялык изилдөөнү жүргүзүүнүн алкагында изденүүчү тарабынан жазылган илимий макалалар жана жасалган баяндамалар Кыргызстандагы жана чет өлкөлөрдөгү басылмаларда, анын ичинде РИНЦ базасына кирген илимий журналдарда жарыяланган. Алардын жалпы саны – 14. Жарыяланган макалалар теманын алкагында жазылган десе болот.

9. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.

1. Айрым учурларда “исламга чейинки ишенимдер”, “этнографиялык ишенимдер” жана “жаратылышты ыйыктоо” сыяктуу түшүнүктөр так аныкталбай, бири-бирине аралашып колдонулганы байкалат. Бул айрым окуялардын жана көрүнүштөрдүн маанисин түшүнүүгө тоскоолдук жаратып, илимий түшүндүрмөнүн тактыгына терс таасирин тийгизет.
2. Этнографиялык материалдар кеңири колдонулган менен, тарыхый жазма булактар жана археологиялык табылгалар жетишсиз колдонулган. Мисалы, кыргыздардын байыркы доордогу ишенимдери тууралуу жазма булактар менен коңшу элдердин баяндарын көбүрөөк салыштыруу жетишпейт. Бул кемчилик иштин фактологиялык негизин алсырап, теманын тарыхый контекстин толук ачууга тоскоолдук кылат.
3. Практикалык бөлүмдөгү талаа изилдөөлөрү кызыктуу болсо да, алар илимий теориялык моделдер менен салыштырылган эмес. Мисалы, мифтердин жана ырым-жырымдардын символикасы антропологиялык же фольклористикалык теориялар менен салыштырылбай калган. Сунуш: Кээ бир учурларда теориялык негиз (мисалы, Мирча Элиаде, Клод Леви-Стросс сыяктуу авторлордун түшүнүктөрү) кошумча методология катары колдонулса жакшы болмок.
4. Фергана өрөөнүнүн түштүк тарабындагы материалдар кеңири баяндалган, бирок башка аймактар менен салыштыруу аз. Бул маалыматтын жалпы кыргыз ишенимдер системасына салыштырмалуу ордун тактоого тоскоолдук кылат. Иште негизинен Фергана өрөөнүнүн түштүк тарабындагы материалдар гана каралган. Бул кыргыз элинин жалпы ишеним системасында бул аймактын ордун салыштырып көрсөтүүгө жол бербей калган. Салыштырма негизде башка аймактардагы материалдардын кошулушу иштин масштабы менен илимий салмагын арттырат эле. Кыскача болсо да Талас, Нарын, Ысык-Көл же Чүй өндүү

аймактардагы окшош же айырмалуу көрүнүштөрдү кошуу иштин масштабын кеңейтет жана илимий маңызын жогорулатмак.

5. Илимий жыйынтыктар бар, бирок алар бирдиктүү логикада, иреттүү берилген эмес. Айрым бөлүктөрдө кайталанма же тематикалык чаташуу байкалат. Жыйынтыктарды тематика боюнча бөлүп, ар биринин алдына кыскача түшүндүрмө берүү сунушталат.
6. Айрым тилдик, стилистикалык катачылыктар редакциялоону талап кылат.

Жогоруда айтылган айрым мүчүлүштүктөр жогорку деңгээлде даярдалган диссертациялык иштин беделин төмөндөтө албайт.

10. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун" талаптарына ылайык келиши.

Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын "Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында)" деген темадагы диссертациясы мазмуну, түзүмү, илимий деңгээли боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун" талаптарына талаптарына толук жооп берет, ал эми диссертант Сапиева Нурия Эрмекбаевна 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даржасын алууга татыктуу.

***Расмий оппонент*:**

тарых илимдеринин кандидаты,

ТалМУнун доценти: А.С. Усубалиева

19.05.2025.

Кол тамгасын тастыктаймын

Кадрлар бөлүмүнүн башчысы В.Бишу